# Токтом №1

О.Элебесов атындагы жалпы ортобилим берүү мектебинин Пионер айылындагы филиалында

8-сентябрь 2022-жылы мектептин жалпы ата-энелер чогулушу болуп өттү.

Чогулушка 45 ата-эне жана мектептин мугалимдери катышты.

Каралуучу маселе :

1.Мектепте ата-энелер комитетин кайра тузуу.

2. Мектеп жетекчисинин 2021-2022-окуу жылы боюнча мектеп тууралуу отчёт берүү.

3. Мектепте 1-4-класстын окуучуларына ысык тамак берүү боюнча ата-энелер комитетинин отчёту жана жаңы милдеттер.

4. Ата-эне - мектеп эки тараптуу келишимин ата-энелер менен талкуулоо.

1-маселе боюнча мектеп жетекчиси Мамралиева Д.А.мектепте ата-энелер комитетин түзүү максатында бул комитеттин милдеттери жана укуктары менен ата-энелерди тааныштырып кетти. Айыл тургуну Молдокеримов Жээнбек өз оюн айтып, былтыркы окуу жылында иштеген ата-энелер комитети жакшы иштешти деп айтып кетти. Былтыркы 2021-2022-окуу жылында Тогузбаева Таттуугүл жана Бостериева Эльвира эжелер жакшы иштеп берди.Бул ойлорду бардык эле ата-энелер айтышты.Бирок бул окуу жылында Тогузбаева Таттуугүл турмуш шартына байланыштуу иштей албасын айтып кетти. Өз ордуна Өмүкеева Айсананы сунуш кылды.Бул сунушка бардык ата-энелер макул болушту.Ал эми жардамчысына Кубанычбек к Айперини Бостериева Эльвиранын ордуна чогулуштун катышуучулары кенешип көрсөтүштү. Жалпы добушка коюу менен мектептин ата-энелер комитетинин башчысы болуп Өмүкеева Айсана шайланды жана жардамчысы болуп Кубанычбек к Айпери ата-энелер комитетинин жетекчисинин жардамчысы болуп щайланды. Мектеп жетекчиси Мамралиева Д былтыркы окуу жылындагы ата-энелер комитети мектеп менен тыгыз байланышып жакшы иш жургузуп жатышты жана аларга ыраазычылык билдирип кетти.

2-маселе боюнча Мамралиева Д өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду.2021-2022-окуу жылында мектепти 0-4-класска чейин 67 окуучу аяктады. Анын ичинен окуу жылынын аягында 14 отличник окуучу жана 14 ударник окуучу аяктады.

3-маселе боюнча Мамралиева Д. төмөнкүлөргө токтолду:

2021-2022-окуу жылынан бери мектептин 1-4-классынын окуучуларына ысык тамак бериле баштаган.Ысык тамактын негизги тамак-ашын мамлекеттик бюджет ар бир окуучуга 7 сомдон каржылады. Ысык тамак берилгени балдарга абдан эле жакшы болуп калганын айтып кетишти.Жана ата-энелер четте калбай демөөрчулук кылып эт жана сут продуктыларын акча чогултуп өзулөру дагы эле алып берип туруу демилгесин көтөруп чыгышты.Бул демилгени бардык ата-энелер колдошту.Себеби балдары ысык тамак ичип калгандан бери көнулдөру ачык,мектептен да калгысы келбей баргылары келип кетип жаткандыгын айтышты. Сабактан келгенден кийин курсактары ток шайдоот келип жатканына кубанып жатканын айтышты.Мындан ары деле эт,сүт продуктыларын өзүлөрү акча чогултуп алып берип турабыз деп чечишти.

Ашкана кызматкери Сансызбаева Гүлвар эсептеп чыгып айына 150 сомдон чогултуп берүүлөрү керек экендигин айтып,этти жана сүттү ата-энелер комитети алып келип берип туруусуун эскертти.

Ушул эле маселе боюнча мектептин жетекчиси Мамрлиева Динарага сөз берилди.мектеп жетекчиси ата-энелерге ыраазычылгын билдирип төмөнкүлөргө токтолду.Ысык тамак берүү абдан жакшы.Ушул ысык тамакты берип баштагыча канча деген түйшүктү башыбыздан өткөздүк.Ошентип атып балдарыбызга тамак берип баштадык.Эми мындан ары да демөөрчүлөр көп болуп мындан да жакшы шарттарды силердин жардамыңар менен түзүп иштейли.Ашпозчунун жана ашкана жумушчусунун айлыгы аз болуп жатат.Бул абдан эле аз өзүңүздөр деле көрүп атасыздар.Сиздер макул болсоңуздар булардын айлыгына кошуп айына 3000 сом чогултуп берсеңиздер деген өтүнүч менен кайрылгым келет. Мындай аз айлык менен эч ким макул болуп иштебейт экен.

Рыскелдиева Гулнар: менин сунушум кошуп берели ушундай аз айлык менен иштеп жатканына да рахмат.Канчадан чогултат экенбиз. Балдарга тамака 100 сомдон, ал эми эки поварга 50 сомдон кошуп берсек экөөнүн айлыгына 1 500 сомдон төлөп берген болот экенбиз.Мен макулмун жана силерди да үндоймун.

Болотова Гүлнара: Мен да макулмун ошондо айына 150 сомдон чогултат экенбиз урматту ата-энелер кошуп төлөп берели кандай дейсиңер.

Сопиева Бактыгүл: Мен да макулмун төлөп берели күндө кечке иштеп анан айына 2 000 сом алганы абдан эле аз экен.

Мамралиева Д: Анда эмесе,каршы болбосоңор кол көтөрүп макулдугубузду билгизип коёлу. Бардыгыңар макул болдуңар,силерге рахмат.

**4-маселе боюнча мектеп жетекчиси Мамралиева Динара эжей келишим менен ата-энелерди тааныштырып,ар бир пункту окуп талкууга койду.Ата-энелер таанышып,өз ойлорун айтышты.**

**Чогулуш төмөнкудөй чечим кабыл алды.**

**Чечим:** 1. Мектептин ата-энелер комитетине төмөнкулөр шайлансын:

а) Өмүкеева Айсана – жетекчиси

б) Кубанычбек к Айпери - мучөсу болуп шайлансын.

2. Ата-энелер комитетинин жетечисинин отчёту жактырылсын.

3. а) Мектепте ысык тамак берүүдө ата-энелер өз демилгеси менен ар бир окуучуга ай сайын 150 сомдон чогултуп, сүт жана эт продуктысын,жана башка ашканага керектүү нерселерди өз убагында алып келип берип туруусу милдеттендирилсин.

б) ошону менен бирге ушул эле чогулган акчанын ичинен 50 сомун поварга жана ашкана кызматкерине айлык катарында берип туруусу милдеттендирилсин.

4.Алынган продуктыны ар бир айдын 25инен кечиктирбей чогултуп,алып келип берүүлөрү керек.

5. Ата-энелер менен түзүлгөн келишимдин ар бир пункту ата-энелерге милдеттендирилсин.

.

Филиал жетекчиси: Мамралиева